| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ №127**

Бужум айылы. 2026-жылдын 10-февралы

**Суу-Башы айыл аймагына караштуу Айгүл-Таш айылынын башкы планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-февралындагы №43 сандуу чыгыш катынын жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 9-февралындагы отурумунун корутундусунун, 2017-жылдын 17-августундагы №490 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасынын негизинде, шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан даярдалган, Айгүл-Таш айылынын башкы планын карап чыгып, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуштарын эске алуу менен Айгүл-Таш айылынын башкы планы бекитилсин.
2. Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын толуктап, өткөрүп алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго жүктөлсүн.
3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага: К.Шакиров**

**КЫРҒЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ №128**

Бужум айылы. 2026-жылдын 10-февралы

**Суу-Башы айыл аймагындагы айыл чарба мамлекеттик фонду жерлерин ижарага берүү мөөнөтүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-январындагы №26 токтомуна ылайык, ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 2-февралындагы №44 сандуу чыгыш катынын жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 9-февралындагы отурумунун корутундусунун негизинде, айыл чарба мамлекеттик фонду жерлерин натыйжалуу пайдалануу максатында, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы жерлеринин ичинен “Жайыт” түрүнөн, айыл чарба мамлекеттик фонду жерлерин “Көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер” түрүнө которулган жер тилкелерин ижарага берүү мөөнөтү 20 жылга чейин болуп бекитилсин.

2. Жер тилкелерин ижарага берүү ачык конкурс (аукцион) аркылуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

3. Жерди максатсыз пайдаланууга жана субижарага берүүгө, ошондой эле жердин сапатын начарлатууга жол берилбесин.

4. Токтомдун негизинде ижара келишимдерин түзүү, каттоо жана алардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго жүктөлсүн.

5. Айылдык кеңештин жоопту катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик

укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.

7. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага: К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ №129**

Бужум айылы. 2026-жылдын 10-февралы

**Суу-Башы айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби” жөнүндө №502 токтомун талаптарын аткарууга алуу жана жайылтуу максатында, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун корутундусунун негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби” жөнүндө №502 токтому менен бекитилген жобосу аткарууга алынсын жана Суу-Башы айыл аймагына жайылтылсын.
2. Токтомду аткарууга алуу жана жайылтуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго жүктөлсүн.
3. Айылдык кеңештин жоопту катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ №130**

Бужум айылы. 2026-жылдын 10-февралы

**“Мамлекеттик Финансылык Холдинг” ачык акционердик коому тарабынан берилүүчү техникаларды Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн карамагына алуу жөнүндө**

“Мамлекеттик Финансылык Холдинг” ачык акционердик коомунун 2025-жылдын 15-декабрындагы №19-2-3/560 сандуу чыгыш катынын жана Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-февралындагы №49а сандуу чыгыш каттарынын негизинде, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесине ылайык, этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун корутундусунун негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Мамлекеттик Финансылык Холдинг” ачык акционердик коому тарабынан берилүүчү техникаларды Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн карамагына алууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын толуктап, өткөрүп алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мансуровго жүктөлсүн.
3. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы токтомду каттоого алып, токтомдун көчүрмөсүн suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Шакиров**